# Педагогикалык этиканын нормалары жөнүндө жобо.

Бекитем ____________

Мектеп мүдүрү:

Кулсариева А.Э.

Кара-Дөбө негизги мектебинин педагогигалык этиканын номалары жөнүндө

ЖОБО

Педагогигалык этиканын негизги принциптер:

1) мугалимдин ак ниеттүүлүгү – окутуунун жана тарбиялоонун натыйжасы үчүн анын жоопкерчилигин өзүнө алуу, иш-аракеттерине түзөтүүлөрдү киргизүүнү жасай билүү, чагылуулар жана сынга өнүккөн жөндөмүн көрсөтүү, кесиптештердин, ата-энелердин, окуучулардын ар кандай пикирлерине ачыктык;

2) чынчылдык – ал түзгөн билим берүү чөйрөсүнүнүн тунуктугу анын баалоо иш-аракеттеринин ачыктыгы. Чынчылдык мугалимге окучуунун анын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөр), кесиптештеринин укугун бузууга тыюу салат.

3) адамдын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоо – мугалим окуучулардын, ат-энелеринин, адамдардын ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлайт жана анын кесиптик көңүлүнүн объектилерине кылдат мамиле кылат.

Окуу процессинин катышуучуларына физикалык, моралдык жана психикалык кордуктарды көрсөтүүгө жол бербейт

4) жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоо: адамзаттык баалуулуктарды артыкчылык таануу, мугалим ар бир улуттардын маданитынын баалулуктарына, өзгөчөлүктөрүнө кадыр-барк менен мамиле кылат.

Мугалим улут аралык мамилелердин маданитын тарбилайт, окучуларды баардык улуттарды анын жашы, жынысы, тили, улуту, туткан дини, жарандыгы, социалдык, кызматтык жана мүлктүк акыбалга же башка жагдайларга карабастан уктарын жана кадыр-баркын сыйлоону ойготот.

5) Кесиптик тилектештик: мугали кесипке кам көрөт, кесиптештердин ар-намыс жана кадыр-баркын сыйлайт, мугалимдердин авторитетине доо кетирүүчү аракеттерге жол бербейт.

Кесиптештеринин ишенимин кынаттык менен пайдаланууга, алардын кесиптик милдеттерин аткаруусуна кийлигишүү, кандайдыр бир зын келтирүүгө жол берилбейт. Мугалим кесиптештерине теоретикалык жана методикалык чеберчилик деңгээлин көтөрүүгө, чыгармачылыктык өнүгүшүнө көмөк көрсөтөт, кыйынчылыкка туш

болгон кесиптештерине жардамга келет. Кесиптик тилектештик чындыкты жана адилетсиздикти шылтоо кыла албайт

6) Кесиптик өнүгүүнүн үзгүлтүксүздүгү. Мугалим өзүнүн кесиптик чеберчилик, интелектуалдык, чыгармачылык жана жалпы илимий деңгээлин жакшыртат.

Ошондой эле педагогигалык кызматкерлер өздөрүнүн иш-аракеттеринде көрсөтөт:

- окуучуларды жана тарбиячыларды жогорку адеп-ахлактыкта, ата –энеге сый урмат көрсөтүү, этномаданий баалуулуктарга, айлана-чөйрөгө кылдаттык мамиле кылууга тарбия берүүгө кам көрөт;

-Кыргыз Республикасынын педагогигалык кызматерлеринин жогорку наамына шек келтире турган, аракеттерге жол бербейт;

- кызматтык милдеттерин ак нием жана сапаттуу аткаруу;

- үзгүлтүксүз өзүнүн кесипкөй чеберчилигин жогорулатуу, жигердүү өзүн-өзү тарбилоо жана өзүн – өзү өркүндөтүү;

- эмгек тартибди катуу сактоо;

- билим берүү уюмунун мүлкүнө жакшы кам көрүү жана жеке максаттарына колдонбоо;

- коррупцины алдын алуу боюнча чара көрүү, өзүнүн жүрүм туруму менен башкаларга адилеттүүлүктүн, калыстыктын жана чындыктын үлгүсү болуу;

- кызматтык маалыматты жалданма жана башка жеке максаттарга колдонууга жол бербөө;

- өзүнүн мисалы менен жамаатта моралдык-психологилык абалды туруктуу жана оң түзүүгө салым кошуу;

- кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда атайы мугалимдик стилди кармануу.

Педагогикалык кызматкерлер билим берүү процессинин катышуучуларынын мамилесинде:

- адеп-ахлакты, жашы, жыны, этноско таандыгы, туткан дини, жарандык, социалдык, кызматтык жана менчик абалына жана башка жагдайларга карабастан сыйлоо;

- .билим берүү процессинин катышуучуларына карата финансалык жана опузалоо фактыларын болтурбоо жана кесиптештердин арасында мындай иш аракетерди алдын алуу;

- өзүнүн аракеттери менен коомчулук тарабынан катуу сынга себеп бербөө, өзүнүн кесиптик иш-аракетин жакшыртуу жана кемчиликтерди жок кылууда коструктивдүү сындарды колдонуу;

- билим берүү процессинин катышуучуларына кесипкөй жардам берүү.

Педагогикалык кызматкерлер кесиптештердин арасында жалпы кабыл алынган моралдык этика ченемдерин колдонуп, сылык жана туура жүрүү; башка мугалидин кесиптик квалификацисын эл алдында ачык күмөн жаратбоосу зарыл.

Мектеп мүдүрү: Кулсариева А.Э.